УДК 343.54:343.541-041.66(575.2)
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-3-83-87

# АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ПРОТИВОДЕЙСТВИЯ СЕМЕЙНОМУ НАСИЛИЮ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***А.А. Коомбаев, К.Б. Куватпеков, А.Т. Маматкулов***

*Аннотация.* Рассматриваются вопросы о таком противоправном деянии, как семейное насилие, предусмотренном в статье 177 Уголовного кодекса Кыргызской Республики и статье 70 Кодекса Кыргызской Республики о правонарушениях. В частности, отмечается уровень мировой и государственной значимости общественно опасного социального явления – семейное насилие. Анализируется актуальная статистика и формирующие ее источники, нормативные правовые акты, регулирующие общественные отношения в сфере противодействия семейному насилию, а также последние законодательные изменения, обусловливающие принятие ряда мер, направленных на повышение эффективности противодействия семейному насилию в Кыргызской Республике. Акцентируется внимание на деятельности государственных органов по противодействию семейному насилию, необходимости объединения усилий и выработки комплексного подхода по профилактике, а также выявлению и устранению причин и условий, способствующих его совершению.

*Ключевые слова:* семейное насилие; насилие; законодательство; преступление; правонарушение; субъект профилактики; органы внутренних дел; причины и условия.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУККА КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮНҮН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

***А.А. Коомбаев, К.Б. Куватпеков, А.Т. Маматкулов***

*Аннотация.* Макалада Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 177-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 70-беренесинде каралган үй-бүлөлүк зомбулук катары укукка каршы жосун жөнүндө маселелер каралат. Атап айтканда, үй-бүлөлүк зомбулук – коомдук коркунучтуу социалдык кубулуштун дүйнөлүк жана мамлекеттик маанисинин деңгээли белгиленет. Актуалдуу статистика жана аны түзүүчү булактар, үй-бүлөлүк зомбулукка каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар, ошондой эле Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк зомбулукка каршы аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган бир катар чараларды кабыл алууну шарттаган акыркы мыйзамдык өзгөртүүлөр талданат. Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнө, күч-аракеттерди бириктирүү жана алдын алуу боюнча комплекстүү мамилени иштеп чыгуу, ошондой эле анын жасалышына өбөлгө түзүүчү себептерди жана шарттарды аныктоо жана четтетүү зарылдыгына көңүл бурулат.

*Түйүндүү сөздөр:* үй-бүлөлүк зомбулук; зордук-зомбулук; мыйзамдар; кылмыш; укук бузуу; алдын алуунун субъекти; ички иштер органдары; себептер жана шарттар.

# TOPICAL ISSUES OF COUNTERING FAMILY VIOLENCE IN THE KYRGYZ REPUBLIC

***A.A. Koombaev, K.B. Kuvatpekov, A.T. Mamatkulov***

*Abstract.* The article discusses the issues of unlawful act as domestic violence, provided for in article 177 of the Criminal Code of the Kyrgyz Republic and Article 70 of the Code of the Kyrgyz Republic on Offenses.

In particular, the level of global and state significance of a socially dangerous social phenomenon, family violence, is noted. The article analyzes current statistics and their sources, regulatory legal acts regulating public relations in the field of countering family violence, as well as recent legislative changes that lead to the adoption of a number of measures aimed at improving the effectiveness of countering family violence in the Kyrgyz Republic. Attention is focused on the activities of government agencies to combat domestic violence, the need to combine efforts and develop an integrated approach to prevention, as well as to identify and eliminate the causes and conditions conducive to its commission.

*Keywords:* family violence; violence; legislation; crime; offense; subject of prevention; law enforcement agencies; causes and conditions.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын [1] 23-беренесинин жоболоруна ылайык, адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин мааниси менен мазмунун аныктайт.

Ошол себептен, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров тарабынан үй-бүлөлүк зомбулукка дайыма тийиштүү көңүл бурулууда. Тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров 2024-жылдын 20-декабрында өлкөбүздүн борборунда өткөн үчүнчү Элдик курултайда сүйлөгөн сөзүндө Кыргызстанда балдарга, аялдарга каршы жасалган зордук-зомбулукту сынга алды.

“Коомубузда ар бир аялзат, ар бир бала өзүн коопсуз сезиш үчүн болгон күч-аракетти жумшоо биздин негизги милдет болушу керек. Бул милдетти так аткарганда гана адам деген бийик атты сактап, бири-бирин урматтаган, адилеттүүлүккө негизделген коомду кура алабыз. Укук коргоо органдарынын бирден-бир ыйык милдети – “алсыздарды коргоо” экендигин бир канча ирет эскертип келем. Ал эми күч түзүмдөрүнүн кимиси ушундай фактыларга шалаакылык кылып, көңүл коштукка жол беришсе, анда ал атуулдук ар-намысынан эле ажырабастан, кызмат ордунан да кол жууйт. Биз ар бир аялзаты жана ар бир баланы мамлекет тарабынан коргоону, колдоону, камкордук менен сый-урматты сезген бейпил коомду курушубуз керек”, – деди Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров [2].

Жогорудагы Кыргыз Республикасынын Негизги Мыйзамынын ченемин жана өлкө башчыбыздын сөздөрүн эске алуу менен, үй-бүлөлүк зомбулук маселеси – бул коомубуздун көйгөйлүү маселелердин бири болуп саналат десек жаңылышбайбыз.

Тилекке каршы, жыл сайын үй-бүлөлүк зомбулук фактылардын деңгээлинин өсүүсү байкалууда. Айта турган болсок, кечээ-жакында эле, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин расмий сайтында чагылдыргандай, 2024-жылдын 10 ай ичи өлкөбүздөгү үй-бүлөлүк зомбулук фактылары, былтыркы жылдын 10 айына салыштырмалуу – 37,2 %га өстү [3].

Статистикалык маалыматка кененирээк токтосок, үстүбүздөгү жылдын 10 айында үй-бүлөлүк зомбулук боюнча 14 293 факты катталган болсо, бул көрсөткүч өткөн жылга салыштырмалуу 3 877ге көп (10 416). Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган адамдарга карата 12 миңге чукул убактылуу коргоо ордерлери берилген, аларды алуучулардын 95 %ын эркектер түзөт.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары тарабынан зордук-зомбулук фактылары боюнча 447 кылмыш иши козголуп, 276 иш сотко жөнөтүлүп, 133 иш боюнча сотко чейинки өндүрүш кыскартылган.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин [4] 70-беренеси “Үй-бүлөлүк зомбулук” боюнча 3 457 протокол түзүлүп, алардын ичинен 3 288 сотко жөнөтүлгөн. Соттун чечими менен 1 189 адам коомдук иштерге тартылып, 1 623 адам камакка алынган.

Көрсөтүлгөн статистикалык маалымат жөнүндө айта турган болсок, үй-бүлөлүк зомбулук тууралуу маалымат 3 булактан келип чыгат.

Биринчиси, үй-бүлөлүк зомбулук укук бузуусу жөнүндө түзүлгөн протоколдордун саны (Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 70-бер.).

Экинчиси, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдарга карата түзүлгөн Убактылуу коргоо ордерлердин саны (Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Мыйзамынын 26-29-бер. [5]).

Үчүнчүсү, Кылмыштардын бирдиктүү реестринде катталган үй-бүлөлүк зомбулукка тиешелүү болгон фактылары боюнча Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинде [6] бекитилген кылмыштар боюнча козголгон кылмыш иштер.

Ошону менен бирге, эске алыш керек, азыркы учурдагы кылмыштар жана укук бузуулар жөнүндө арыз-кабарларды каттоо, аларды кароо жана чечүү тартиптери мурдагыга караганда таптакыр башка. Мурункудай, жаап-жашыруулар жокко эсе. Бардык фактылар, Кылмыштардын бирдиктүү реестринде жана Укук бузуулардын бирдиктүү реестринде катталууда.

Үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйү – жалаң Кыргызстанда гана эмес, дүйнө мамлекеттердин дээрлик бардыгында бар болгон көйгөй. Мамлекеттин экономикасы кандай гана күчтүү болбосун, элдердин жашоо шарттары жакшы болуп, жашоочулары кандай гана жыргалчылыкта жашабасын, бул көйгөй ошол коомдордо, ошол мамлекеттерде деле бар. А.А. Коомбаевдин макаласында белгилендей “үй тирандары жана деспоттор – бул бардык класстарга таандык, алар ар кандай деңгээлдеги жана ар кандай улуттагы адамдардын арасында. Демек, үй-бүлөлүк зомбулук белгилүү бир өлкөнүн, саясий системанын же экономикалык абалдын чегинде гана чектелбейт. Бул көйгөй масштабдуу жана глобалдык болуп саналат” [7]. Ошондон улам, 1991-жылдан бери Бириккен Улуттар Уюму колдоого алган, алгач – “Гендерлик зомбулукка каршы” акциясы болуп, андан соң, негизи эле – “Зомбулукка каршы” аталышта акция болуп белгиленип келет. Бүгүнкү күндө өнөктөш 185тен ашык өлкөдө миңдеген уюмдар тарабынан колдоого алынууда. Ага эл аралык уюмдар, мамлекеттик органдар, бейөкмөт уюмдар, билим берүү мекемелери жана активисттер кирет. Акциянын символу кызгылт сары түс болуп, зордук-зомбулуксуз жаркын келечекти билдирет.

Талашсыз факт, үй-бүлөлүк зомбулук – бул социалдык кубулуш. Кылмыштуулуктун өзү дагы – бул социалдык кубулуш болуп эсептелинет. Башкача айтканда, ар бир коомго таандык болгон терс көрүнүш. Белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарына болгон элдин кайрылууларынын 60–70 %ы социалдык мүнөздөгү кайрылууларды түзөт. Үй-бүлөлүк зомбулук дагы дал ошондой социалдык мүнөздөгү кайрылуулардын бири.

Демек, үй-бүлөлүк зомбулукту алдын алуу, аны болтурбоо – бул жалаң Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын гана иши эмес, бардык тийиштүү мамлекеттик органдардын биргелешкен, туруктуу түрдө аткарылуучу, комплекстүү ишмердүүлүк. Таалим-тарбия, билим берүүдөн баштап, ар бир адамдын жашоо шарттарына, жүргөн чөйрөсүнө, социалдык абалына чейин маселелерди камтыйт. Белгилей турган болсок, “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында – алдын алуу субъекттери катары 19 мамлекеттик органдар жана уюмдар көрсөтүлгөн.

Бүгүнкү күндө үй-бүлөлүк зомбулукка кайдыгер мамиле жасай турган болсок, аялдардын абагында 100 аял – адам өлтүрүү беренеси менен өз жазасын өтөп келишсе, алардын ичинен 70–80 – өз күйөлөрүн, өз жолдошторун өлтүргөндөр болуп чыгат [8]. Бул кокусунан пайда болгон сандар эмес, бул, өз убагындагы үй-бүлөлүк зомбулукка кайдыгер мамиледен пайда болгон мыйзам ченем.

Демек, буга чейин биз үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепеттери менен күрөшүп келсек, азыркы тапта, биз үй-бүлөлүк зомбулуктун себептерин жана шарттарын жоюга багыт алышыбыз абзел. Бул ойду өрчүтө турган болсок, Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” Мыйзамына [9] ылайык, алдын алуунун бардык субъекттери, биргелешкен, туруктуу түрдө аткарылуучу, комплекстүү алдын алуу иш чараларын жүргүзүшсө, анда үй-бүлөлүк зомбулуктун деңгээли өзүнөн-өзү эле азая түшөт. Бирок, мындай ишмердүүлүк өзүнүн оң натыйжасын бүгүн дагы эмес, эртең дагы эмес, кийинки күнү дагы эмес – бербейт. Арканды алыска ташташ керек. Мисалга алсак, бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жүргүзүп жаткан эки

айлык алдын алуу иш чаралары [10] жакшы натыйжасын берүүдө. Бул иш-чара, үй-бүлөлүк зомбулуктан тышкары, уюшкан кылмыштуу топторго, түрдүү экстремисттик (террористтик) уюмдарга, алардын мүчөлөрүнө, коррупцияга, баңгичиликке, жөнөкөй жол жүрүү эрежелерин сактоо боюнча иштерди камтыйт.

Буга, азыркы мыйзамдар дагы ылайыкташтырылган. Жыл сайын, Кылмыштардын бирдиктүү реестринде жана Укук бузуулардын бирдиктүү реестринде бир нече миң кылмыш, бир нече миң укук бузуу катталат. Ошол катталган кылмыштарды жана укук бузууларды талдап, анализ жүргүзүп, булардын жасалышына кандай себептер, кандай шарттар болгондугун аныктап, жер-жерлерге, тийиштүү мекеме-уюмдарга, ошол себеп-шарттарды жоюуга, кылмыш жана укук бузууларды болтурбоого багытталган тапшырмаларды түшүрсө болчудай. Ошентип, укук коргоо органдары үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүн түп-тамыры менен жок кыла албаса дагы, кескин түрдө аны азайта алат.

Ушул жерден дагы бир нерсени белгилей кетүү керек. Үй-бүлөлүк зомбулук үчүн жоопкерчиликти күчөтүү менен гана биз ойлогон оң натыйжага жетпейбиз. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам, ошол зомбулук жасаган учурда, өзүнүн жоопкерчилиги жөнүндө көп ойлоно бербейт. Укук бузуучу, өзүнүн жоопкерчилиги жөнүндө, формачан ички иштер органдарынын кызматкерин көргөндө, кызматтык бөлмөдө суралып жаткан учурда, торго отурганда гана сезе баштайт. Үй-бүлөлүк зомбулукту азайтабыз десек, учурдан учурга чейин иштебей (“Бурулай”, “Айзада”, ж.б. коомдук резонанс жараткан кылмыштар), а жогоруда айтылгадай, бардык тийиштүү органдар биргелешкен, туруктуу түрдө аткарылуучу жана комплекстүү иш алып барышы керек.

Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы күрөшүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган иш чаралардын бири деп, Кыргыз Республикасынын “Үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Мыйзамын [11] белгилеп кетүү керек.

Атап кетсек, аталган Мыйзам менен: Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 177-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 70-беренесинде көрсөтүлгөн “Үй-бүлөлүк зомбулук” кылмышын же укук бузууну жасаган адамга карата сот тарабынан дайындалуучу зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөөчү программадан өтүүсү; оңдоп-түзөөчү программанын мазмуну жана аны өткөрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуусу; Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар кодексинин 70-беренесинде каралган укук бузуу аныкталганда, укук бузуу жөнүндө протокол түзүү менен катар, ыйгарым укуктуу орган тобокелдиктерге баа берүү протоколун түзүү; тобокелдиктерге баа берүү методикасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүсү киргизилген.

Жогорулардын негизинде, азыркы убакытта актуалдуу болгон төмөнкү иш чараларды аткаруу зарыл:

- үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адам өтө турган оңдоп-түзөөчүү программасынын мазмунун жана өткөрүү тартибин жөнгө салуу;
- тобокелдиктерге баа берүү методикасын бекитүү;
- берүлүүчү Убактылуу коргоо ордерлердин реестрин түзүү. Ордерди катуу эсепке алынуучу бланк катары бекитүү;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аялдар үчүн мобильдик тиркеме түзүү. Жабыр тарткан адамдын жана ички иштер органдарынын кызматкеринин ортосунда ыкчам байланыш түзүү.

**Тыянак.** Албетте, үй-бүлөлүк зомбулук мындан ары конкреттүү алынган үй-бүлөнүн жеке иши катары каралышы мүмкүн эмес. Үй-бүлөлүк зомбулук маселесинин таанылган масштабдуулугу, коомдук маанилүүлүгү жана кооптуулук деңгээли, ошондой эле буга байланыштуу өлкөнүн мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөр мындай терс коомдук көрүнүштөргө каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик органдардын колдонуудагы ыкмаларын өзгөртүү зарылдыгын күбөлөндүрөт. Атап айтканда, үй-бүлөлүк зомбулук менен байланышкан кылмыштардын жана укук бузуулардын алдын алуу, ошондой эле аны жасоого өбөлгө

болгон себептерди жана шарттарды аныктоо жана четтетүү боюнча ишти активдештирүү болжолдонууда.

Поступила: 13.01.2025;
рецензирована: 27.01.2025; принята: 29.01.2025.

***Адабияттар***

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021-жылдын 11-апрелинде референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды) (05.05.2021-ж. ред.) // Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. URL: http://cbd.minjust.gov.kg (кайрылуу датасы: 10.01.2025).
2. Президент "Зордук-зомбулук жашырган укук коргоо кызматкерлери иштен кетет" // "24.kg" сайты. 2024. 20-декабры. URL: https://24.kg/kyrgyzcha/314863_prezident_zorduk-zombuluktu_jashyirgan_ukuk_korgoo_kyizmatkerleri_ishten_ketet/ (кайрылуу датасы: 11.01.2025).
3. 2024-жылдын 10 айындагы үй-бүлөлүк зомбулук боюнча маалымат // Кыргыз Республикасынын ИИМдин расмий сайты. 2024. 20-декабры. URL: https://mvd.gov.kg/rus/domesticViolence/reports/40 (кайрылуу датасы: 13.01.2025).
4. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси, 2021-жылдын 28-октябры № 128 (31.10.2024-ж. ред.) // Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. URL: http://cbd.minjust.gov.kg Кирүү акысыз (кайрылуу датасы: 14.01.2025).
5. Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө: Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 128 Мыйзамы (07.08.2024-ж. ред.) // Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. URL: http://cbd.minjust.gov.kg (кайрылуу датасы: 15.01.2025).
6. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, 2021-жылдын 28-октябры № 127 (07.08.2024-ж. ред.) // Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. URL: http://cbd.minjust.gov.kg (кайрылуу датасы: 16.01.2025).
7. *Коомбаев А.А.* Кыргыз Республикасындагы үй-бүлөлүк зомбулук маселелерине: көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору / А.А. Коомбаев // Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясынын Жарчысы. 2021. № 2 чыг. 45–48 б.
8. Абактагы 100 аялдын 80 күйөөсүн өлтүргөнү үчүн отурат – ИИМдин башкармалыгынын башчысы статистиканы айтты // "Turmush.kg" сайты. 2024. 19-декабры. URL: https://osh.turmush.kg/ru/news:2208166 (кайрылуу датасы: 17.01.2025).
9. Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө: Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы № 60 Мыйзамы (25.11.2022-ж. ред.) // Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. URL: http://cbd.minjust.gov.kg (кайрылуу датасы: 15.01.2025).
10. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 2024-жылдын 19-ноябрындагы "Кылмыштуулукту, укук бузууларды болтурбоо, алардын алдын алуу боюнча 2 айлык иш-мерчемди бекитүү жөнүндө" № 1129-т тескемеси.
11. Үй-бүлөлүк, сексуалдык жана гендердик зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө: Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 7-августундагы № 161 Мыйзамы (07.08.2024-ж. ред.) // Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин расмий сайты. URL: http://cbd.minjust.gov.kg (кайрылуу датасы: 18.01.2025).